УДК 375.045.

**Амираева Л. А.**

*И. Арабаев атындагы КМУнун, Көркөм өнөр жана дизайн кафедрасынын ага окутуучусу*

## КӨРКӨМ СҮРӨТ ИСКУССТВО ТАРЫХЫНДА СТУДЕНТТЕРГЕ СҮРӨТ ТАРТУУ ЫКМАСЫН ОКУТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ (КӨРКӨМ ӨНӨР АДИСТИГИНДЕ)

*Бул макалада көркөм сүрөт искусствосунда мугалимдерди даярдоодо, көркөм сүрөт өнөрүнүн тарыхын окутуунун мааниси жөнүндө каралган.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Композиция, симметрия, перспектива, гармония.*

**Амираева Л. А.**

*Старший преподаватель кафедры искусства и дизайна КГУ им.И. Арабаева*

## ВОПРОСЫ ПРЕПОДАВАНИЯ СТУДЕНТАМ (ПО СПЕЦИАЛЬНОСТИ ИЗОБРАЗИТЕЛЬНОЕ ИСКУССТВО) ИСТОРИЮ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ РИСОВАНИЮ

*В данной статье рассматриваются история изобразительного искусства и ее значения в процессе подготовки учителей ИЗО.*

**Ключевые слова:** *Композиция, симметрия, перспектива, гармония.*

**L.A. Amiraeva**

*Senior lecturer of the Department of Art and Design KSU n.a. I. Arabaev*

## QUESTIONS TO TEACHING TO STUDENTS (ON SPECIALTY FINE ARTS) HISTORY OF THE METHODS OF TRAINING DRAWING

*This article discusses the history of fine art and its importance in the process of preparing teachers STRUGGLE.*

**Keywords**: *composition, symmetry, perspective, harmony.*

Эгемендүү өлкөбүздүн орто мектептеринде кыргыз көркөм өнөр чыгармаларын окутуу, окуучулардын өз элине болгон сүйүүсүн артырат жана аларды өз мекенине болгон патриоттуулук сезимин ойготот. Анткени көркөм өнөр предмети көркөм өнөрдүн перспективасы, жарык менен көлөкө, композиция, түс таануу, симметрия, өнөрдү таануу мыйзамдарын окутуп үйрөтүү менен гана чектелбестен, кыргыз көркөм өнөр чыгармаларын окуучуларга ар тараптан тереӊ түшүндүрүүгө да аракет кылат.

Көркөм өнөрдү орто мектепте окутуу окуучуларды көркөм маданиятка деген көз карашын калыптандырууга жана келечектеги коомдун болочок атуулун тарбиялоого өз үлүшүн кошот. Окуучулар көркөм өнөр аркылуу табигат менен коомдун байланышын, курчаган ортодогу сулуулукту, адам колу менен жаралган азем буюмдардын маанисин түшүнүп, алардын асылдыгына көз жеткизет.

Көркөм билим берүүнү окутуунун методикасынан, болочокто мектепте сабак бере турган студенттерге сүрөт тартуунун тарыхы менен тааныштыруу кажет. Байыркы Египетте сүрөт тартууну окутуу курчаган айлана чөйрөнү эмес, схемалар менен белгилүү канондорду жаттап, көчүрүүгө багытталган. Ошол учурда сүрөттү окутуу багытында сүрөтчү-

педагогдордун милдети, окуучуну табигатты окуп үйрөнүү менен байкоого үйрөтүү эмес, бир нерсенин формасын тартуунун белгилүү шаблондук эрежелерин жаттап алууга негизделген.

Ал эми Байыркы Грек сүрөтчүлөрү шакирттерин дүйнө чындыгын окуп үйрөнүүгө, андагы сулуулукту таба билүүгө үйрөттү. Алар дүйнөдөгү эң сулуу кубулуш бул – *адам* деп таанышкан. Ошондой эле алар дүйнө катаал мыйзамдарга багынган, сулуулуктун символу симметрия, жеке бөлүктөрдүн, туташ форманын гармониясына, өзүнчө бир математикалык мамилелерге бириктирилгендигин көрсөттү.

Биздин доорго чейинки IV кылымда Грецияда сүрөт тартуунун Сикион, Эфесс жана Фиван мектептери болгон. Ошонун ичинде Сикион мектебинин тарыхтагы орду өзгөчө. Бул мектеп, окуучуларды жаратылыш менен жакындатууга, анын мыйзамдарын ачып көрсөтүүгө умтулуп, табигаттын сулуулугун кабылдап сүйө билүүгө тарбиялаган. Гректин сүрөтчү-педагогдору өз окуучуларын жаратылышты үйрөнүүгө, анын сулуулугун байкоого, алар эмнеси менен айырмаланаарын көрсөтө билүүгө чакырышкан. Грек сүрөтчү-педагогдору биринчи жолу өзүнөн карап реалистик сүрөт тартууга негиз кылышып, көлөкө жарыкты колдонушуп, тегиздикке сүрөттөлүштү куруунун үлгүсүн беришкен. Ошол учурда Сикион сүрөт мектебинин эшиктеринде «Геометрияны билбеген адамдар бул жакка киргизилбейт» - деген жазуулар болгон. Ошентип Грек сүрөтчү-педагогдору көркөм өнөрдү окутууда, тарбиялык мааниге көп көңүл бурууга кажет экендигин көрсөттү. Орто кылымда өнөрдүн көркөмдүк эрежелери жана көп кырдуулук мүнөзү жөнүндө, гректерден калышпаган көптөгөн адабияттар жазылгандыгына карабастан сүрөт өнөрүнүн негизи катары каралган калем сүрөтү начар өздөштүрүлүп, сүрөттү окутуу методикасы өнүкпөй токтоп калган. Корутундулап айтканда орто кылым өнөрү илимсиз өнүккөн. Мына ушундан эле эч кандай сүрөт жалпы билим берүүчү предмет болбогондугун түшүнүүгө болот. Бул кезегинде сүрөт өнөрүн окутуунун так иштелген теориялык жана методикалык негиздеринин иштелмелери болбогондугун аныктайт. Антик сүрөтчүлөрү тарабынан реалистик сүрөт тартуунун жана окутуу методдору боюнча иштелип чыккан илимий теориялык жоболору, бул доордо жокко чыгарылып, өртөлүп-талкаланып жок болгон. Ал эми өткөндүн мыкты искусствосун жандандырып реалдуу сүрөттөөнү кайрадан башынан баштоо керек болгон. Бул ишти кайра жаралуу доорунун сүрөтчүлөрү колго алышкан. Кайра жаралуу доору сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнүн тарыхында гана эмес, сүрөт өнөрүн окутуу тармагында да жаңы доордун эшигин ачты. Кайра жаралуу доорунун сүрөтчүлөрү, сүрөтчү-педагогдордун кийинки муундарына методиканын туура өнүгүү багытын көрсөтүп, сүрөт окуу предмети катары каралышына түрткү беришкен. Бирок окуу предмети катары бул доордо өз алдынча мааниге ээ болгон эмес. Сүрөт тартуу жана аны окутуу маселелеринин үстүндө, көркөм өнөрдүн белгилүү чеберлери Ченнини Ченнино, Альберти, Леонардо да Винчи, Дюрер ж.б. көптөгөн ошол мезгилдин сүрөт өнөрүнүн көрүнүктүү чеберлери иштеше баштаган.

Сүрөттү окутуу багытында кайра жаралуу доорунун сүрөтчүлөрү баалуу пикирлерин айткан. Алар сүрөт тартууга үйрөтүүнүн негизи – нерсени өзүнөн карап сүрөтүн тартуу экендигин көрсөттү. Ченнини Ченнино мугалим тарабынан окутууга болгон көзөмөлдөө жана жетекчилик методуна айрыкча маани берген. Ал «Живопись жөнүндөгү трактат» эмгегинде, окуучу китепти күнү-түнү окуганы менен, тажрыйба алууга мугалимге барбаса, аны чеберлер катарына кошула албай тургандыгын баса белгилеген [8].

Альберти окутуунун методикасына илимий аныктама берүүдө, сүрөт тартуу жөнөкөй эле механикалык машыгуу эмес, аны акылдын машыгуусу катарында караган». Кийинчерээк Микеланджело бул ойду толуктап төмөнкүдөй «Сүрөттү кол менен эмес, акыл менен тарт» деген пикирин айткан. Альберти өзүнүн «Сүрөт туралуу он китеп» эмгегинде сүрөт өнөрүн окутуу боюнча бир катар баалуу методикалык жоболорду сунуштарды да берген. Ал эң алгач шакиртерге чекит менен түз сызыктарды көрсөтүп, андан кийин ар кандай бурчтар жана тегиздик менен тааныштырат акырында көлөмдүү жалпы форма берилерин айтат [1]. Ыраатуулукту сактап ал, окуучуларга сызыктуу перспективанын негизги эрежелерин, жарык шооласынын негизги касиеттерин түшүндүрүүнү сунуштаган. Альберти мугалимдин жекече көрсөтүп берүүсүнө айрыкча маани берген. Ошону менен катар, анын көз карашында убакыт жагдайга байланыштуу кээ бир кемчилдиктер да болгон. Ал Альбертинин калем сүрөт өнөрүндөгү нерсенин тегиздикте сүрөттөлүшүн механикалык түрдө проекциялоого айлантып, сүрөттү өзүнөн байкап тартуу методуна карама - каршы коюуу идеясы болду. Сүрөттөгү туруктуу жалпы горизонт сызыгын жана сызыктар кошулган чекит түйүнүн сакташ үчүн «Альберти атайын аспап менен завести колдонууну сунуш кылган» [1]. Бул ыкма боюнча нерсе менен сүрөтчүнүн арасына тунук кагаз (калька) сыяктуу керилген рамма орнотулуп, нерсени ошол аркылуу көрүп тартуу ыкмасы колдонулат. Башка учурда тунук кагаз ордуна тор керилген рамманы колдонот. Бирок бул ыкма окуучуну перспективаны сүрөттөөгө үйрөткөнү менен, сүрөт тартууда механикалык көчүрүп тартууга алып келгендиктен, өз мааниси менен маңыздуулугун тез жоюп салды.

Сүрөт тарттууну окутуунун методикасынын теориясына чоң салымын кошкон "Леонардо до Винчинин «Живопись жөнүндөгү эмгек» китеби болду [5]. Бул китепте сүрөтчү, сүрөт теориясын илимий негиздөөгө көп маани берген. Леонардо да Винчи адам тулкусунун (фигурасынын) сүрөтүн тартууга айрыкча көңүл бурган. Ал баарынан мурда, фигуранын тең салмактуулугунун огун таап, кыймылдын мүнөзүн так аныктап фигураны туура коюу керек деген. Ошондой эле адам фигурасын сүрөттөөнүн эрежесин иштеп жатып, «байыркы квадратты» калыбына келтирүүгө аракеттенген.

Кайра жаралуу доорундагы немецтин улуу сүрөтчүсү Альбрехт Дюрердин теориялык эмгектери, окутуунун методикалык тармагында, өнөр искусствосун жолго коюуда да, баалуу болуп эсептелет. Дюрер: « чыгармачылык маселесин талдап жатып, искусстводо негизинен сезүү сезимине жана көрүү (байкоо) кабылдоосуна гана таянбастан, так илимге же билимдин тереңдигине таянуу керек»— деген [3]. Ал илимий билим негизиен бекем жана ишенимдүү ийгилик алып келет деп эсептеген. Сүрөттү окутуу методикасы тармагында Дюрер тарабынан иштелип чыккан форманы жалпылоо методу өзгөчө орунду ээлейт. Анын бул методун кийин А.П.Чистяков, Д.Н.Кардовскийлер уланткан. Ал тургай бул метод бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготкон жок. Форманы жалпылоо «Кертүү» методу төмөнкүдөй мазмундан турат. Жөнөкөй геометриялык формаларды, сызыктуу перспективанын баардык жоболорунун негизинде сүрөттөө, Мисалы; куб, жаңыдан баштаган үйрөнчүк сүрөтчүгө анчалык деле кыйынчылык келтирбейт. Бул метод тажрыйбалуу сүрөтчүнүн да жумушун жеңилдетүүгө көмөктөштү. Дюрердин адамдын башынын конструктивдүү көлөмдөгү сүрөттөлүшүн толук карап көрөлү. Бул форманы талдоо жана адамдын башын куруудагы мыйзамдардын классикалык үлгүсү катары, бүгүнкү күнгө чейин эң мыктысы болуп, сүрөт искусствосу боюнча бардык окуу китептери менен методикалык колдонмолордон татыктуу орун алган.

Кайра жаралуу доорунун өнөрү, илимдин жардамы менен аябагандай гүлдөп өнүгүүнүн бийиктигине жеткен. Ал бизге көркөмдүк жүгү боюнча көз караштан эмес, сүрөттү окутуунун методикасы тармагы боюнча да баалуу. Кайра жаралуу чеберлери сүрөтчү-педагогдордун кийинки муундарына методиканын туура өнүгүш багытын көрсөтүп, сүрөт окуу предмети катары каралышына түрткү беришкен. Алар өнөрдүн көйгөйлүү маселелерин негиздеп гана койбостон, ошону менен катар эле анын кажеттигин тажрыйбада далилдешти. Бул доордогу сүрөтчүлөрдүн илимий-теориялык эмгектеринин маанилүүлүгү, искусстводогу өтө маанилүү суроолорго жооп тапкандыгы менен олутуу тыянак жасашкандыгында.

XVII кылымды сүрөт сабагын окутуунун методикасынын, сүрөт өз алдынча атайын сабак болушунун жана академиялык окутуунун, педагогикалык жаңы системасынын доору катары кароо керек. Жаңы окутуу системасы окуучулар менен катар, педагогдорго да чыныгы талаптарды койду. Бул мезгилге мүнөздүү болгон өзгөчөлүк Европа өлкөлөрүндө атайын окуу жайлар, сүрөт академиялар жана көркөм сүрөт мектептер ачылып, анда калем сүрөтүн окутуунун ыраатуулугун жолго коюуу эле. Академияда көркөм билим берүү маселеси жакшы жолго коюлган. Академия сүрөт, живопись, композицияны окутуу жаатында көп иштерди аткарды. Академия окутуучулары зарыл болгон окуу жана методикалык колдонмолорду да иштеп чыгышкан. Ошондой эле көркөм билим жана эстетикалык тарбия ишин жолго салууда абдан көп нерселерди жасашкан. Академияда атайын адистештирилген эффективдүү жаш сүрөтчүлөрдү тарбиялоодогу жагымдуу системасы иштелип чыккан, натыйжада мунун үлгүсүнүн мисалында көптөгөн мамлекеттик көркөм академиялар ачыла баштаган.

Сүрөт жалпы билим берүүчү предмет катары ойду улуу чех педагог илимпозу Ян Амос Коменскийдин «Улуу дидактикасында» биринчи болуп айтылган [4]. Анын ойлорунун ичиндеги эң баалуусу – анын окутуу метододикасынын болочок сүрөтчү – устатка окуп-үйрөнүү туралуу идеясы болду. Ал орто мектептерде сүрөттү окутуу милдеттүү түрдө предмет катары кошулуусун талап кылган.

Сүрөттү жалпы билим берүүчү предмет экендиги жөнүндөгү анын толук маанисин айткан француз ойчулу Жан Жак Руссо болду. Өзүнүн «Эмиль» аттуу эмгегинде балага табияттан артык устат жок экендигин, бала өзүнөн карап сүрөт тартууну жаратылышта өткөрсө, андагы перспективалык кубулуштарды, анын мыйзамдарын көз алдына келтирип элестүү көрөт деп туура көрсөтмө берген. «Мындан сырткары окуучу жаратылышка байкоо жүргүзүү менен өзүнү сезимталдыкка тарбиялап, анын сулуулугун түшүнүп, жаратылышка аяр мамиле жасаганды, сүйгөндү үйрөнө баштайт» деп айткан [9].

Сүрөттү окутуунун методикасы туралуу көптөгөн баалуу ойлорун айткан Иоганн Вольфганг Гете сүрөттү жалпы билим берүүчү предмет иретинде чоң маани берген. « Анын оюу боюнча, сүрөт айрыкча акындарга да өтө пайдалуу: ал дүйнөнүн сулуулугун байкап, анын кенен жана терең таануга анын асемдигин туя билүүгө мүмкүндүк берет деп эсептеген»[9]. Гете ар бир сүрөтчү- педагог сүрөттү жакшы тарта билиш керек, ошондо гана ал өз предметинин мазмунун жакшы ача алат деп айткан.

Академиялык жобонун окутуу жобосунан өзгөчөлүгү, окутуудагы билим берүү агартуучулугунун болушу менен жогорку идеяларга тарбиялоо менен катар жүргүзүлүүсү аркылуу бышыкталды. Бирок сүрөтчүлөрдү окутуу менен тарбиялоонун академиялык жобосу калыптанбай жатып аларга сын-пикир айткандар көбөйгөн. Окутуунун академиялык

системи, калем сүрөтүн окутуу методикасынын өнүгүшүнө көп жагынан түрткү берди. XVIII кылымдын жана XIX кылымдын экинчи жарымында сүрөттү сабак катары окутуу методикасына айрыкча көңүл бурула баштайт.

Мамлекетибиз эгемен өлкө болгондон бери сүрөттү окутуунун методдору, анын илимий-методикалык негиздери жөнүндө эч кандай сын-пикирлер айтылбай, республикабыздагы көркөм билим берүүнүн учурдагы абалы жөнүндө козголгон ойлордун жоктугу тынчсыздандырбай койбойт. Жалпы билим берүүчү мектептерде, ошондой эле көркөм билим берүү окуу жайларындагы көркөм өнөрдү окутуу методунун тарыхын, байыркы жана азыркы учурдагы методдорун окуп, үйрөнүп изилдеп жатып, биз өткөндүн алгылыктуу жактарын, чет өлкөдөгү мектептерден гана эмес, орус жана Советтик ошондой эле коңушулаш мамлекеттердин окутуу тармагындагы алгылыктуу жактарын да, колдонушубуз зарыл. Эгемендүүлүккө кол жеткизген Өлкөбүздүн алдында турган эң башкы милдеттердин бири – улуттук кол өнөрчүлүктү, маданиятты көтөрүү болуп эсептелет. Көз карандысыз мамлекет болуп жарыялангандан баштап гана ой-тааным эркиндигине чындап көңүл буруу башталды. Эгемендик заман жаңы ой эркиндигине багыт берди. Азыркы кезде Кыргыз көркөм өнөр чеберлери жалпы дүйнөлүк өнөр менен маданиятына өзүнүн баа жеткис жаркын үлүштөрүн кошууда. Алардын чыгармачылык иштериндеги тереңдик жана ойдун кеңдиги, мазмундук жана түрдүү нукуралык сапаты болду.

Эң башкысы сүрөтчү менен көрүүчүнүн ортосундагы чыгармачылык шайкештик, орток түшүнүүчүлүктүн калыптануусу, жогорку көркөмдүк табитке багытталуусуна жогору маани берүүбүз керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Альберти Л.Б. Живопись жөнүндө «Үч китеп», М., 1933. 62.
2. Гете. Об искусстве. Л-М., 1935. 293-294.
3. Дюрер А. Дневники. Письмо. Трактаты.- М., 1987. Т2.
4. Каменский Я.А. Улуу дидактика. М., 1939. Т.1. 214.
5. Леонардо да Винчи. Книга о живописи.- М., т.2.- с.155-156, 1994.
6. Коменский Я.А., Локк Дж., Руссо Ж.Ж., Песталоцци И.Г. /сост. Кларин В.Е., Джуринский А.Н. Педагогическое наследие.- М., Педагогика.- 1987.- 416 с.
7. Ростовцев М.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе. Второе издание.- М., Просвещение.-1980.- С. 239.
8. Ченнини Ченнино. Трактат о живописи. М., 1936. 16.
9. Цит по книге Попова М.М. «Иллюстрированная методичка рисования». СПб. 1909.7.

**Рецензент: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.**

*УДК:* 373

**Джакыпов К К.**

И. Арабаев атындагы КМУнун Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин музыка кафедрасынын башчысы, доц. м. а.

## ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ МУЗЫКАНЫН РОЛУ